ТалМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып,
жактырылды
Протокол №_1_____
«_3_» _сентябрь_____ 2025-ж.

«БЕКИТЕМИН»
ТалМУнун ректору, техн.и.д.,
профессор Ж.С.Шаршембиев
______________________
«_3_» _сентябрь_____ 2025-ж.

# Талас мамлекеттик университетинин студенттер, магистранттар, окутуучулар жана илимий кызматкерлеринин тышкы академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын жана тышкы академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу тартибин жөнгө салган башка ченемдик укуктук актылардын негизинде иштелип чыккан. Анын максаты — билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү жана бардык катышуучулар үчүн укуктук жана академиялык кепилдиктерди камсыз кылуу.

1.2. Жобо Талас мамлекеттик университетинин (мындан ары – ТалМУ) чет өлкөлүк өнөктөш жогорку окуу жайлар менен академиялык мобилдүүлүк программаларына катышкан студенттерине, магистранттарына, окутуучуларына, илимий кызматкерлерине, ошондой эле алмашуу программаларынын алкагында ТалМУга келген чет өлкөлүк студенттерге жайылтылат.

1.3. **Негизги түшүнүктөр:**

- ✓ **Тышкы академиялык мобилдүүлүк** — ТалМУнун студенттеринин жана/же кызматкерлеринин чет өлкөлүк өнөктөш жогорку окуу жайларга окуу, илимий изилдөө жүргүзүү же кесиптик стажировкадан өтүү максатында белгилүү бир мөөнөткө (бир семестрден бир окуу жылына чейин) убактылуу баруусу жана программа жыйынтыкталгандан кийин кайра ТалМУга кайтып келүүсү.
- ✓ **Learning Agreement (Окуу жөнүндө макулдашуу)** — окуучунун жеке окуу планын макулдашкан, жиберүүчү жогорку окуу жай (ТалМУ), кабыл алуучу өнөктөш жогорку окуу жай жана окуучунун өзү кол койгон расмий документ.
- ✓ **Транскрипт** — окулган сабактардын тизмесин, өздөштүрүлгөн кредиттердин санын жана алынган бааларды камтыган расмий документ.

## 2. Уюштуруу-укуктук камсыздоо

2.1. Академиялык мобилдүүлүк программаларын координациялоону жана администрациялоону ТалМУнун Эл аралык байланыштар бөлүмү ишке ашырат.

2.2. Институттар, кафедралар жана ЖОЖдун окуу бөлүмү төмөнкүлөргө жооптуу:

- ✓ Талапкерлерге алгачкы консультация берүү жана аларды программалар жөнүндө жеткиликтүү маалымдоо.
- ✓ Институт/кафедра деңгээлинде алдын ала тандоо жүргүзүү.
- ✓ Катышуучулар үчүн жеке окуу пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү.
- ✓ Өздөштүрүлгөн сабактарды кайра чегерүү процедурасына көмөк көрсөтүү.

2.3. Академиялык мобилдүүлүк программасына катышуу үчүн ачык конкурстук тандоо өткөрүлөт. Конкурстук комиссиянын курамы жана иштөө тартиби ТалМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

2.4. Тышкы академиялык мобилдүүлүк программасына катышкан студенттин же кызматкердин академиялык макамы жана/же жумуш орду өнөктөш жогорку окуу жайында болгон бүткүл мезгил аралыгында толук сакталат.

### 3. Студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүк

3.1. Студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүктүн формалары:

- ✓ **Кирип окуу** — өнөктөш жогорку окуу жайында убактылуу окуп, кийин өздөштүрүлгөн сабактарды кайра чегерүү.
- ✓ **Тил стажировкалары** — чет тилди өздөштүрүүгө багытталган программаларга катышуу.
- ✓ **Жайкы мектептер жана практикадан өтүү** — кошумча тажрыйба жана билим алууга мүмкүндүк берген кыска мөөнөттүү программалар.

3.2. **Студент-талапкерлерге коюлган талаптар:**

- ✓ Күндүзгү бөлүмдө окуу;
- ✓ Жогорку академиялык жетишкендиктерге ээ болуу («жакшы» жана «эң жакшы» баалары);
- ✓ Кабыл алуучу жогорку окуу жайында программаны ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн зарыл болгон чет тилди жетиштүү деңгээлде билүү;
- ✓ Биринчи жана бүтүрүүчү курстардын студенттерине катышууга уруксат берилбейт.

3.3. **Өзгөчө шарттар жана кепилдиктер:**

- ✓ Окуу пландарында академиялык айырмачылыктар пайда болгон учурда, студентке тиешелүү сабактарды акысыз тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.
- ✓ Эгерде студенттин окуу графиги мүмкүндүк берсе, ал айырмачылыктагы сабактарды окуу үчүн жеке план боюнча аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен кошумча сабактарды ала алат.
- ✓ Университет мобилдүүлүктөн кайтып келген студентке академиялык адаптация жана методикалык жардам көрсөтөт.
- ✓ Бюджеттик негизде окуган студенттин макамы жана бюджеттик орду толук сакталат.

### 4. Магистранттар, окутуучулар жана илимий кызматкерлер үчүн академиялык мобилдүүлүк

4.1. Магистранттар, окутуучулар жана илимий кызматкерлер үчүн академиялык мобилдүүлүктүн формалары:

- ✓ **Илимий стажировкалар** — илимий долбоорлорго жана программаларга катышуу.
- ✓ **Биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү** — чет өлкөлүк кесиптештер менен илимий долбоорлордун үстүндө иштөө.
- ✓ **Квалификацияны жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо** — семинарларга, курстарга жана тренингдерге катышуу.
- ✓ **Конок лекциялар, мастер-класстар** — тажрыйба алмашуу максатында өнөктөш жогорку окуу жайында конок лекцияларды, мастер-класстарды өткөрүү.

4.2. Талапкерлерге коюлган талаптар:

- ✓ Программанын ТалМУну өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына дал келиши.
- ✓ Программага натыйжалуу катышуу үчүн чет тилди жетиштүү деңгээлде билүү.
- ✓ ТалМУнун илимий жана методикалык ишмердүүлүгүнө активдүү катышуу.

## 5. Чет өлкөдөн келген студенттерди кабыл алуу тартиби

5.1. ТалМУга академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында келген чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу өнөктөш жогорку окуу жайы менен кол коюлган Кызматташтык жөнүндө макулдашуунун негизинде ишке ашырылат.

5.2. Келген ар бир студент үчүн Эл аралык байланыштар бөлүмү жана Институт менен биргеликте ТалМУда окуп-үйрөнө турган сабактарды жана алардын кредиттерин эске алуу менен жеке окуу планы түзүлөт.

## 6. Окуу натыйжаларын таануу жана финансылык камсыздоо

6.1. Окуу натыйжаларын таануу:

- ✓ **Кайра чегерүү процедурасы.** Программадан кайтып келгенден кийин катышуучу Институтка өнөктөш жогорку окуу жайынын расмий транскриптин, ошондой эле аткарылган иштер жөнүндө отчётту тапшырууга милдеттүү. Ушул документтердин жана Окуу жөнүндө макулдашуунун (Learning Agreement) негизинде ТалМУнун окуу бөлүмүнүн башчысы өздөштүрүлгөн сабактарды кайра чегерүү жөнүндө чечим кабыл алат.
- ✓ **Академиялык айырмачылык.** Эгерде өнөктөш жогорку окуу жайында окуп жаткан учурда окуу пландарында академиялык айырмачылык пайда болсо, ал кайтып келгенден кийин бир семестрдин ичинде жеке график боюнча жоюлушу керек. Академиялык айырмачылык кошумча акы төлөнбөстөн тапшырылат.

6.2. Финансылык камсыздоо:

- ✓ **Каржылоо булактары.** Академиялык мобилдүүлүк программаларына катышууну каржылоо төмөнкү булактардын эсебинен ишке ашырылышы мүмкүн:
  - ➢ Катышуучулардын жеке каражаттары (жол кире, жашоо, тамактануу чыгымдары);
  - ➢ Мобилдүүлүктү уюштурууга бөлүнгөн ТалМУнун каражаттары;
  - ➢ Кабыл алуучу тарап же башка уюмдар тарабынан берилген гранттар, стипендиялар жана башка булактар.
- ✓ **Окуу акысын төлөө.** Контракттык негизде окуган жана өнөктөш жогорку окуу жайында окуусу акысыз болгон программага жөнөтүлгөн студент, ТалМУда окуу акысын толук көлөмдө өз убагында төлөөгө милдеттүү.

## 7. Корутунду жоболор

7.1. Бул Жобо Талас мамлекеттик университетинин ректору тарабынан бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

7.2. Жобонун аткарылышын контролдоо окуу жана илимий иштер боюнча проректорго жана эл аралык байланыштар бөлүмүнө жүктөлөт.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

| | | |
|---|---|---|
| ОИ иштери боюнча проректор, ОУКтун төрагасы | [signature] | Сурапов А.К. |
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | [signature] | Турсалиева Г.Ж. |
| Эл аралык байланыштар жана илим бөлүмүнүн башчысы | [signature] | Нуралиева А.Т. |